**Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебиндеги**

**2021-2022-окуу жылында**

***№ 1 педагогикалык кеңешмесинин протоколу***

**10.09.2021-жыл** **Орто-Суу айылы**

Чогулуштун төрайымы: Акматалиева Н.К.
Катчысы: Койчукенова Ч.К.
Катышкандар: 15 мугалим

**КҮН ТАРТИБИ:**

1.2020-2021-окуу жылынын окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы жана жаңы окуу жылынын милдеттери;
2.Окуу планынын негизинде окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү;
3.Мектептин жылдык иш планын талкулоо жана бекитүү;
4.Ар түрдүү маселелер;
4.1 Башталгыч класс окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө;
4.2 «Жаш өртчүлөр тобун түзүү» жөнүндө;
4.3 «Биринчи жардам көрсөтүү» тобун түзүү жөнүндө;
4.4 «Жаш инспекторлор тобун түзүү» жөнүндө:
4.5 «Жарандык коргонуу боюнча иш-аракет тобун түзүү» боюнча;
4.6 «Суициддин алдын алуу боюнча профилактикалык жүргүзүү тобун түзүү» боюнча;
4.7 «Дене тарбия жана спорт комиссиясын түзүү» жөнүндө;
4.8 «Этика комиссиясын түзүү» жөнүндө;
4.9 «Укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча профилактикалык кеңеш түзүү» боюнча;
4.10 «Мамлекеттик тилди өркүндөтүү комиссиясын түзүү» жөнүндө;
4.11 «Мектеп парламентинин тобун жана комиссиясын түзүү» жөнүндө;

Угулду: Чогулушту мектеп директору Нуриза Акматалиева ачты жана окуу жылы менен мугалимдерди куттуктады. Ал күн тартибиндеги маселелер менен чогулуш катышуучуларын тааныштырып өттү. Ал эми өткөн окуу жылындагы 1-маселе боюнча мурдагы директор Э.С.Калыгулова жана окуу бөлүмүнүн башчысы Ж.К.Бейзеева сүйлөдү.

**1-маселе:** 2020-2021-окуу жылынын окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы жана жаңы окуу жылынын милдеттери.

1.Мектептин жалпы статистикалык маалыматы

1.Мектептин жалпы статистикалык маалыматы
2.Мектептеги кадр маселеси жана кадр менен толуктоодогу иш-аракеттер;
3.Тарбиялык багыттагы иш-чаралар жана натыйжалар;
4.Окуу иштери боюнча аткарылган иш-чаралар жана жыйынтыктар;
5.Мектептин финансылык каржылануусу, курулушу жана капиталдык ремонту боюнча маалымат берди.

Өткөн окуу жылына анализдин матрицасын иштеп чыкты.Жаңы окуу жылында мектеп проблемасы, максаттары жана милдеттерин Н.К.Акматалиева белгилеп кетти.

*(Билдирүүлөр папкага тиркелет.)*

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1.2020-2021-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштери канааттандыраарлык деп табылсын;

2.Жаңы окуу жылына карата коюлган милдеттерди аткаруу бардык педагогикалык кеңешме мүчөлөрүнө жүктөлсүн.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Н.К.Акматалиева**
**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Ч.К.Койчукенова**

**2-маселе:** Окуу планынын негизинде окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү боюнча Н.К.Акматалиева маалымат берди.

**2021-2022-окуу жылдын Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 “Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө” токтомуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна (6-тиркемедеги Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана талаптар «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар») жана Кыргыз Республикасынын территориясында билим берүү тармагына тийиштүү болгон ченемдик-укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан ченемдик-укуктук документ болуп саналат.**

**Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты боюнча учурдагы Базистик окуу планы жаңы 2022-2025-окуу жылдарынын Базистик окуу планына өткөөл болуп саналат.**

Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан тастыкталган билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн төмөндөгүдөй көлөмдөгү жылдык, жумалык, ошондой эле чектелген окуу жүктөмү төмөнкү тартипте берилсин:

Жумалык окуу жүктөмү төмөнкүчө

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | Даярдоо кл. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумалык окуу жүктөмү | 20 | 22 | 24 | 25 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 29 | 30 | 15 |
| Окуу жүктөмүнүн жогорку чеги | 20 | 23 | 25 | 26 | 30 | 31 | 33 | 34 | 35 | 32 | 33 | |

Базистик окуу пландарында берилген сабактардын сааттары усулдук бирикмелерде каралып чыкты. Усулдук бирикме мүчөлөрү макулдук менен сааттарды бөлүштүрүп өз сунуштарын беришти.

**2.1. 2021-2022-окуу жылында мугалимдердин окуу жүктөмдөрү төмөнкү тартипте бөлүштүрүлдү:**

| № | Ф.И.О | | Жумалык жүктөм | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1-4 | 5-9 | 10-11 | Комп | Бард. |
| 1. 1 | Акматалиева Н.К. | Кыргыз тили жана адабияты | | 12 | - | | 12 |
| 2. | Айдаркулова А.Н. | Тарых, адам коом | | 14 | 6 | 1 | 21 |
| 3. | Бектурова С.К. | Физика, информатика | | 21 | 6 | 1 | 27 |
| 4. | Бекболотова К.Б. | математика | | 12 | 8 | | 20 |
| 5. | Чымырбаева Б.Б. | География, сүрөт, чийүү | | 13 | 2 | | 15 |
| 6. | Шералиева В.Э. | Орус тили жана адабияты | | 16 | 8 | | 24 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Кыдырмаева Д.М. | Кыргыз тили жана адабияты | | 19 | 5 | | **24** |
| 8 | Койчукенова Ч.К. | Орус тили, англис тили | 12 | | 6 | | **18** |
| 9 | Крыкбаева Э.Э. | Химия. биология | | 12 | 6 | | **18** |
| 10 | Бейшебаева З.Т. | Дене-тарбия, ДПМ | | 10 | 14 | | **24** |
| 11 | Каданбаева А.К. | Англис тили | 4 | 14 | | | **18** |
| 12 | Бообекова Н.Ж. | Башталгыч класс | 19 | | | | **19** |
| 13 | Аманкулова А.М. | Башталгыч класс | 19 | | | | **19** |
| 14 | Бейзеева Ж.К. | Башталгыч класс | 20 | | | | **20** |
| 15 | Калыгулова Э.С. | Башталгыч класс, музыка | 17 | 3 | | | **20** |
| 16 | Аскарбекова Н. | Даярдоо классы | | | | | **15** |
| | ИТОГО: | | | | | | **299** |

Мындан ары 2021-2022-окуу жылында кошумча окуу жүктөмдөрдү бөлүштүрүү окуу тарбия иштериндеги милдеттемелерди аткаруу багытында төмөнкү тартипте жүктөмдөр белгиленди.

**2.2. 2021-2022-окуу жылында мектептеги усулдук бирикмелердин башчылары болуп төмөнкү мугалимдер бекитилди.**

1. Акматалиева Н.К. – директор алдындагы кеңештин башчысы;
2. Бейзеева Ж.К. – усулдук кеңешменин жетекчиси;
3. Айдаркулова А.Н. – соцпедагог, класс жетекчилер секциясынын жетекчиси;
4. Шералиева В.Э. – гуманитардык бирикменин башчысы;
5. Бектурова С.К. – так илимдер бирикмесинин жетекчиси;
6. Аманкулова А.М. – башталгыч класстар бирикмесинин жетекчиси;

**2.3. 2021-2022- окуу жылында жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү үчүн төмөнкү тажрыйбалуу мугалимдер насаатчы мугалим болуп бекитилсин:**

| Устат мугалим. | Шакирт мугалим |
|---|---|
| *Айдаркулова А.Н.* | *Крыкбаева Э.Э.* |
| *Акматалиева Н.К.* | *Аманкулова А.М.* |

**2.4. Класс жетекчилери болуп төмөнкү мугалимдер бекитилди:**

**Даярдоо классы - Аскарбекова Н.**

1-класс – Калыгулова Э.С.

2-класс - Бообекова Н.Ж.

3-класс – Аманкулова А.М.

4-класс – Бейзеева Ж.К.

5-класс – Бейшебаева З.Т.

6-класс – Койчукенова Ч.К.

7-класс – Айдаркулова А.Н.

8-класс – Кадамбаева А.К.

9-класс – Бектурова С.К.

10-класс- Кыдырмаева Д.М.

11-класс- Шералиева В.Э.

**2.5. 2021-2022- окуу жылында предметтик кааналардын башчылары болуп төмөнкү мугалимдер бекитилсин жана аларга келишимдин негизинде класстык бөлмөлөр тапшырылсын:**

Профилактикалык каана – Айдаркулова А.Н.

Башталгыч класс каанасы – Бообекова Н.Ж.
Аскарбекова Н.
Аманкулова А.М.
Калыгулова Э.С.
Бейзеева Ж.К.

Кыргыз тили каанасы – Койчукенова Ч.К.

Усулкана – Окуу бөлүмүнүн башчысы Бейзеева Ж.К.

Китепкана – Калыгулова Э.С.

Манас каанасы – Кыдырмаева Д.М.

Физика каанасы – Бектурова С.К.

Химия каанасы – Крыкбаева Э.Э.

Математика каанасы – Бекболотова К.Б.

Чет тили каанасы – Кадамбаева А.К.

География каанасы – Чымырбаева Б.Б.

Тарых каанасы – Айдаркулова А.Н.

Орус тили каанасы – Шералиева В.Э.

Спорт зал - Бейшебаева З.Т.

**2.6. 2021-2022- окуу жылында мектепке чейинки уюмдарга катышпаган эрте курактагы балдардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жана аларды андан ары социалдык жактан адаптациялоо максатында уюштурулган даярдоо классынын 480 сааттык «Нариcте» программасы боюнча жумалык 15 саат окуу жүктөмү башталгыч класстар мугалими Нуркул Аскарбековага берилсин.**

| | Предметтик чейрелер | Сааттардын (сабактардын) саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жума | ай | окуу жылы |
| 1 | Дене өстүрүү | 2 | 8 | 64 |
| 2 | Айлана чөйрө менен таанышытыруу | 1 | 4 | 32 |
| 3 | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият | 2 | 8 | 64 |
| 4 | Сабат ачуу | 3 | 12 | 96 |
| 5 | ЖМТК Конструкциялоо | 3 | 12 | 96 |
| 6 | Ийлеп чаптоо/Аппликация | 1 | 4 | 32 |
| 7 | Сүрөт тартуу | 1 | 4 | 32 |
| 8 | Экинчи тил (орус тили) | 2 | 8 | 64 |
| 9 | Бардык сааттар (сабактар) | 15 | 60 | 480 |

**2.7. 2021-2022-окуу жылында жөндөмдүү окуучулар менен иштөө үчүн предметтик ийримдерди уюштуруу, окуучуларды олимпиадага даярдоо, бүтүрүүчү класстын окуучуларын Жалпы Республикалык Тестке даярдоо үчүн төмөнкү мугалимдерге кошумча сааттар бекитилсин:**

| **№** | **ФИО** | **Сааттар** |
|---|---|---|
| 1 | Кыдырмаева Д.М. | 2 |
| 2 | Бейшебаева З.Т. | 2 |
| 3 | Айдаркулова А.Н. | 2 |
| 4 | Койчукенова ч.К. | 2 |
| 5 | Каданбаева А.К. | 2 |
| 6 | Бектурова С.К. | 2 |
| 7 | Бекболотова К.Б. | 2 |
| 8 | Чымырбаева Б.Б. | 2 |

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**
**Токтом кылат:**

1. 2021-2022-окуу жылында бекитилген базистик окуу планынын негизинде мугалимдерге бөлүштүрүлгөн окуу жүктөмдөрүн талап кылынган программалардын негизинде календардык иш пландары түзүп окутуу бардык предметтик мугалимдерге тапшырылсын;

2. Жогоруда бөлүнгөн кошумча окуу жүктомдөрү жана милдеттер үчүн талап кылынган иш кагаздарды тактоо тийиштүү предщметтик мугалимдерге жүктөлсүн;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысына тапшырылсын;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**3-маселе** боюнча мектеп директору Н.Акматалиеванын билдирүүсү угулду. Ал мектептин жалпы жылдык иш планы менен кеңешме мүчөлөрүн тааныштырды.

-Жалпы иш-чаралар

-Көзөмөлгө алынуучу иш-чаралар

-Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын аткарылышы

-Педагогикалык кадрлар менен алып барылуучу иштер

-Педагогикалык кеңешменин иш планы

-Директор алдындагы кеңешменин иш планы

-Ата-энелер менен иштөөнүн иш планы менен тааныштырып өттү.

(Мектептин 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планы тиркелет.)

**Мектептин жылдык иш планы талкууланып кеңешме бир добуштан токтом кабыл кылат:**

1. Мектептин 2021-2022- окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планы толугу менен кабыл алынсын;
2. 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планынын негизинде окуу тарбия иштери жүргүзүлсүн;
3. 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш планын бекитип берүү Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна тапшырылсын;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**4-маселе.** Ар түрдүү маселелер:

**4.1. Мектеп директору Акматалиева Н.К. башталгыч класстын окуучуларына берилүүчү ысык тамактын уюштурулушу жөнүндө сүйлөдү.**

**Угулду:** 2021-2022-окуу жылында башталгыч класстардын окуучуларына берилүүчү ысык тамакты сапаттуу уюштуруу, окуучулардын ден соолугун чыңдоо, санитариялык-гигиеналык талаптарды аткаруу жөнүндө төмөнкүлөрдү билдиремин.

1. 2021-2022-окуу жылында башталгыч класс окуучуларына берилүүчү ысык тамактын уюштурулушун камсыз кылуу ашпозчу Сакенова Роза Окуновнага тапшырылат.
2. Башталгыч класс окуучуларына берилүүчү ысык тамактын сапатын, менюну нормативдик талаптардын негизинде түзүлүшүн, сапаттуу азык-түлүктөрдүн өз убагында жеткирип, окуучуларга берилишин санитариялык-гигиеналык эрежелердин жана ченемдердин сакталышын көзөмөлдөө максатында төмөнкү курамда комиссия түзүлдү.

Акматалиева Н.К – комиссиянын төрайымы

Бейзеева Ж.К. – окуу бөлүм башчысы

Бообекова Н.Ж. – башталгыч класс мугалими

Калыгулова Э.С. – башталгыч класс мугалими комиссиянын мүчөсү

Аманкулова А.М. - башталгыч класс мугалими комиссиянын мүчөсү

Аскарбекова Н. - башталгыч класс мугалими комиссиянын мүчөсү

3. Ашканадагы эмеректер, идиш-аяктардын абалын талап деңгээлинде сактоо, азык-түлүктөр даярдалуучу, сакталуучу бөлмөнүн санитардык-гигиеналык эрежелерин аткаруу, кайнатылган ичимдик суусу менен камсыздоо, өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча көзөмөлдөө мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ж.Бейзеева жана ашкана кызматчысы Р.Сакеновага жүктөлдү.

**Жогоруларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Ашканада вирустук режимге ылайык дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазалоо иштери жүргүзүлсүн;
2. Ашкана кызматкери Сакенова Р.О. тамак берүүдө санитардык эрежелерди сактоо менен 2-класстын класс жетекчиси Boобекова Н.Ж. коштоосу менен иштешсин;
3. Окуучуларга, ата-энелерге тура тамактануу, гигиена жөнүндө маалымат берүү максатында ашкананын ичинде маалымат такталары илинсин жана түшүндүрүү иштери күчөтүлсүн;
4. Жогорудагыларды аткаруу жана көзөмөл болу окуу бөлүм башчысы Ж.Бейзеевага жана ашкана, ысык тамак боюнча жооптуу Boобекова Н.Ж. га жүктөлсүн;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**4.2-4.6.** Жарандык коргонуу боюнча атайын иш-чара түзүү, иш-чаранын негизинде тарбиялык иштерди уюштуруу тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары А.Н.Айдаркуловага жүктөлдү. Мугалимдер жана окуучуларды өзгөчө кырдаалдан коргоо максатында төмөнкү курамда комиссия түзүлсүн:

Акматалиева Н.К. – мектеп директор,жарандык коргонуу тобунун башчысы;

Бейшебаева З.Т. – АЧД мугалими, жарандык коргонуу тобунун башчысынын орун басары;

Айдаркулова А.Н. – тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, топтун мүчөсү;

Крыкбаева Э.Э. – биринчи жардам көрсөтүү тобунун башчысы;

Кыдырмаева Д.М. – Өрт өчүрүүчүлөр тобунун башчысы;

Бейзеева Ж.К. – Коомдук тартипти сактоо кошунунун башчысы;

Шабданбеков Ж.Т. – Куткаруучулар тобунун башчысы;

**4.7.** Өспүрүмдөр арасында өз жанын кыюу суициддик көрүнүштөрдүн алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү мектептин соц.педагогу А.Н.Айдаркуловага жана класс жетекчилерге жүктөлдү.

Окуучуларга психологиялык, моралдык жардамдар уюштуруу максатында төмөнкү курамда «Алдын алуу» тобу түзүлдү:

Айдаркулова А.Н. – соц педагог, топтун төрайымы;

Акматалиева Н.К. – мектептин директору, топтун мүчөсү;

Шералиева В.Э. – этика комиссиясынын башчысы, топтун мүчөсү;

Чымырбаева Б.Б. – ардагер мугалим, топтун мүчөсү;

Макенбаева А.Т. – кыздар кеңешинин төрайымы, топтун мүчөсү;\

Шабданбеков Ж.Т. – уул балдар кеңешинин төрагасы, топтун мүчөсү;

Карабаева А.А. – ата-энелер комитетинин башчысы, топтун мүчөсү;

**4.8.** Мектеп окуучуларынын психикалык жана физикалык жактан өсүп-өнүгүүсү, ден соолугун чыңдоо үчүн үзгүлтүксүз иш-чаралар уюштурулуп, комиссия түзүү керектигин мектеп директору Н.Акматалиева билдирип өттү.

Дене тарбия жана спорт боюнча төмөнкү комиссия түзүлдү:

Бейшебаева З.Т. – дене тарбия мугалими, топтун жетекчиси;

Бейшебаева З.Т. – дене тарбия мугалими, топтун мүчөсү;

Айдаркулова А.Н. – тарбиялык иштер боюнча топтун мүчөсү;

Карабаева А.А. – ата-энелер комитетинин башчысы;

**4.9.** Окутуу-тарбиялоо жараянында катышкандар, бардык педагогикалык кызматкерлердин, ата-энелердин, окуучулардын арасында конфликттердин, чыр-чатактардын, келишпестиктердин алдын алуу максатында төмөнкү курамдагы комиссия түзүлсүн:

Шералиева В.Э. – орус тили мугалими, этика комиссиясынын башчысы;

Чымырбаева Б.Б. – ардагер мугалим, комиссиянын мүчөсү;

Боонбекова Н.Ж. – башталгыч классынын мугалими, комиссия мүчөсү;

**4.10.** Окуучулардын арасында укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу, мектеп рекетине жол бербөө, зордук-зомбулуктун алдын алуу, улуттар аралык достук-ынтымакты бекем сактоо максатында тарбиялык иштерди уюштуруу төмөнкү курамда «Алдын алуу» профилактыкалык кеңеш түзүлдү:

Акматалиева Н.К. – мектептин директору, кеңештин төрайымы;

Карабаева А.А. - ата-энелер комитетинин башчысы, кеңеш мүчөсү;

Айдаркулова А.Н. – тарб. иштери боюнча директордун орун басары,соц педагог, кеңеш мүчөсү;

Жапарбеков Ж.Д. – жергиликтүү кеңештин депутаты, кеңеш мүчөсү;

**4.11.** «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзамынын 32 жылдыгын белгилөө тил айлыгын уюштуруу, мектепте мамлекеттик тилдин өнүгүүсү боюнча иш-чапраларды уюштуруу, ищ-кагаздардын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү боюнча профилактикалык иштерди аткаруу үчүн төмөнкү курамда тил комиссиясы түзүлдү:

Кыдырмаева Д.М. – кыргыз тили жана адабияты мугалими, комиссиянын төрайымы;

Бейшебаева З.Т. - тили жана адабияты мугалими, комиссиянын мүчөсү;

Айдаркулов А.Н. - тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары, комиссиянын мүчөсү;

**4.12.** КР да жергиликтүү жана аймактык, улуттук деңгээлде кабыл алынган чечимдерге балдардын катышуусун жакшыртуу максатында мектеп парламенттерин бекемдөө долбоорунун негизинде түзүлгөн. Окуучулар менен мугалимдер ортосунда жаңы мамилелер түзүлүп, биздин өлкөдө бул идея окуучулар, мектептин администрациялары, мугалимдер жана ата-энелер менен өнөктөш болуп кабыл алынып жаткан чечимдерге катыша баштаган 90-жылдардын соңунда пайда болгон. Долбоор 177 мектепти өзүнө камтып, 62 000ге жакын окуучулар окулууда.

Мектеп парламентинин негизги максаты – бул өз өлкөсүнүн зирек жоопкер жана билимдүү жарандары катары жөндөмдүү жаш лидерлерди өстүрүү болуп саналат. Мектеп парламенти өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу боюнча балдардын тең укуктуу өнөктөштүгү. Анын эрежелери жана уставы менен мектептин директору Акматалиева Н.К. тааныштырып өттү. Мектептин турмушундагы маанилүүлүктү жана жаңы окуу жылына карата кеңеш берүүнүн милдеттери жөнүндө айтып берди. Ал эми бизде мектептин ичинде жана андан сырткаркы чектеринде окуучулардын кызыкчылыгын көздөө максатында мектеп парламентинин комиссиясы төмөнкү курамда түзүлсүн:

Акматалиева Н.К. – мектептин директору, комиссиянын төрайымы;

Бейзеева Ж.К. – ОТИ боюнча директордун орун басары, комиссиянын уюштуруучусу;

Айдаркулова А.Н. – тарбия иштер боюнча директордун орун басары, комиссиянын мүчөсү;

Шабданбеков Ж.Т. – 11-класстын окуучусу, парламенттин төрагасы;

Макенбаева А.Т. – 11-класстын окуучусу, парламенттин мүчөсү;

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, пед. кеңешме бир добуштан***

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү, мугалимдердин жана окуучулардын ден соолугун, коопсуздугун сактоо үчүн минималдык талаптар аткарууга алынсын;
2. Жогоруда түзүлгөн комиссияларга тапшырылсын;
   - Иш чара түзүү
   - Аткаруучулук тартипте сактоо;
   - Аткарылган иштер боюнча маалыматтарды чогултуу;
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**